**Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын**
**2015-жылдын 1-чейрегиндеги абалы тууралуу отчет**

## 1. <u>Төлөмдөр түзүмүндөгү өзгөрүүлөр боюнча аналитикалык маалыматтар</u>

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин алдын ала маалыматтары боюнча 2015-жылдын 1-чейреги үчүн ИДӨ көлөмү күндөлүк баада 2014-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда 16,2 пайызга көбөйүү менен 79,4 млрд сомду түзгөн (2014-жылы 8,5 пайызга көбөйүү байкалган). 2015-жылдын 1-чейрегинин жыйынтыгы боюнча реалдуу ИДӨнүн өсүшү өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 7,0 пайызды (2014-жылдын 1-чейрегинин жыйынтыгы боюнча – 5,3 пайызды) түзгөн. Мында ИДӨ көлөмүнүн өсүшүнө негизги салымды өнөр жай (3,7 пайыз), соода (0,8 пайыз), курулуш (0,7 пайыз) жана айыл чарба (0,1 пайыз) секторлору кошкон.

1-график. ИДӨ жана төлөмдөр көлөмүнүн өз ара байланышы




Республиканын банктар аралык төлөм системасында төлөмдөр көлөмүнүн жана номиналдык ИДӨнүн өзгөрүү динамикасы мурункудай эле бир багыттуу тенденцияга ээ болгон (1-график). 2015-жылдын 1-чейрегинде өткөн жылдын тишелүү чейрегине салыштырганда төлөмдөр көлөмүнүн 60,1 пайызга, 405,3 млрд сомго чейин өсүшү байкалган. Банктар аралык төлөмдөр көлөмүнүн өсүшү негизинен гросстук төлөмдөрдүн өсүшү менен камсыз болгон, анын көлөмү 2014-жылдын 1-чейрегине салыштырганда 66,2 пайызга көбөйүү менен 385,8 млрд сомду түзгөн. Эсептешүүлөрдүн клиринг системасы аркылуу төлөмдөр 19,5 млрд сом жалпы суммасында жүзөгө ашырылган, бул өткөн жылдын тиешелүү чейрегине салыштырганда 7,4 пайызга аз.

2-график. Банктар аралык төлөмдөрдүн динамикасы (млн.сом)




Отчеттук мезгил ичинде банктар аралык төлөмдөрдүн түзүмү багыттоо түрлөрү боюнча өзгөрүүсүз калып, алар төмөнкүдөй түптөлгөн: төлөмдөрдүн жалпы көлөмүндө банктык операциялар 85,1 пайызды түзүп негизги үлүштү ээлеген, бюджеттик уюмдардын төлөмдөрүнүн салыштырма салмагы 9,1 пайызды, ал эми бюджеттик эмес уюмдардын товарлар жана кызмат көрсөтүүлөрү, активдер жана милдеттенмелери боюнча төлөмдөрү 5,7 пайызды түзгөн. Бюджеттик уюмдардын төлөмдөр түзүмүндө кириш бюджеттик төлөмдөрдүн салыштырма салмагы 47,6 пайызда, ал эми чыгыш бюджеттик төлөмдөрдүн салыштырма салмагы 42,6 пайызда калыптанган, ошондой эле активдер жана милдеттенмелер менен ишке ашырылган операциялар боюнча төлөмдөр 9,8 пайызды түзгөн.

Бюджеттик уюмдардын төлөмдөрүнүн жүгүртүлүшүнүн номинал боюнча суммардык көрсөткүчү 2015-жылдын 1-чейреги ичинде өткөн жылдын тиешелүү чейрегине салыштырганда 10,7 пайызга көбөйүү менен 37,0 млрд сомду түзгөн (2014-жылдын 4-чейрегине салыштырганда бул көрсөткүч 29,3 пайызга төмөндөгөн). Мунун себебинен болуп, активдер жана милдеттенмелер менен ишке ашырылган операциялар боюнча төлөмдөрдүн 2,0 эсе өсүшү болгон, мында гросстук транзакциялар 2,2 эсе, ал эми клиринг төлөмдөрү 22,6 пайызга көбөйгөн. 2015-жылдын 1-чейрегинде мамлекеттик бюджетке каралган төлөмдөрдүн өсүшү 4,3 пайызды түзгөн, бул өткөн жылдын ушул эле көрсөткүчүнө салыштырганда бюджеттин киреше бөлүгүнүн деңгээлинин жогорулашынан улам келип чыккан. Ошентип, 2015-жылдын 1-чейрегинин жыйынтыгы боюнча бюджеттин жалпы кирешеси 2014-жылдын 1-чейрегине салыштырмалуу 23,6 млрд сомду түзүү менен 3,7 пайызга же 838,5 млн сомго көбөйгөн.

3-график. Бюджеттик кирешелердин, чыгашалардын жана төлөмдөр көлөмүнүн динамикасы (млн. сом)



Мамлекеттик бюджеттин жалпы чыгашасы 2015-жылдын 1-чейреги ичинде, өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 11,1 пайызга же 2,3 млрд сомго көбөйүү менен 23,1 млрд сомду түзгөн. Мамлекеттик бюджеттин жалпы чыгашасынын көбөйүшү операциялык иш алып барууга кеткен чыгашалардын 10,9 пайызга, 21,3 млрд сомго чейин жогорулашы менен шартталган. Натыйжада, отчеттук чейрек ичинде банктар аралык төлөм системасы аркылуу жүзөгө ашырылган мамлекеттик бюджеттен чыгыш төлөмдөрүнүн көлөмү 2014-жылдын 1-чейрегине салыштырганда 6,7 пайызга көбөйгөн (2014-жылдын 4-чейрегине салыштырганда төлөмдөрдүн көлөмү 23,8 пайызга төмөндөгөн).

## 2. Нак акча жүгүртүү түзүмү

Коммерциялык банктардын кассаларына нак акчанын кайтарымдуулугу 2015-жылдын 1-чейреги үчүн 103,2 пайызды түзгөн жана 2014-жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 0,8 пайызга көбөйгөн (2014-жылдын 1-чейрегинде кайтарымдуулук 102,4 пайызда калыптанган).

1-таблица. Коммерциялык банктардын кассалары аркылуу өткөн нак акчанын жылышы

| Аймактардын аталышы | Келип түшкөн (млн. сом) | | Берилген (млн. сом) | | Кайтарымдуулук (пайыздар) | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2014-ж. I чейреги | 2015-ж. I чейреги | 2014-ж. I чейреги | 2015-ж. I чейреги | 2014-ж. I чейреги | 2015-ж. I чейреги |
| Бардыгы | 202 318,6 | 217 741,9 | 197 641,8 | 210 907,4 | 102,4 | 103,2 |
| Бишкек шаары | 104 162,5 | 108 454,3 | 95 823,1 | 100 996,9 | 108,7 | 107,4 |
| Баткен областы | 9 952,3 | 10 198,6 | 10 038,0 | 10 361,2 | 99,1 | 98,4 |
| Жалал-Абад областы | 20 190,4 | 22 371,9 | 22 320,2 | 23 183,8 | 90,5 | 96,5 |
| Ысык-Көл областы | 9 046,3 | 10 312,4 | 9 723,0 | 10 653,9 | 93,0 | 96,8 |
| Нарын областы | 3 991,8 | 4 262,6 | 4 415,6 | 4 660,6 | 90,4 | 91,5 |
| Ош шаары | 27 850,4 | 28 130,3 | 27 250,0 | 26 471,6 | 102,2 | 106,3 |
| Ош областы | 8 853,0 | 9 472,8 | 9 122,1 | 9 654,2 | 97,1 | 98,1 |
| Талас областы | 3 497,5 | 4 900,2 | 4 161,4 | 5 262,0 | 84,0 | 93,1 |
| Чүй областы | 14 774,4 | 19 638,8 | 14 788,4 | 19 663,2 | 99,9 | 99,9 |

2014-жылдын 1-чейрегине салыштырмалуу 2015-жылдын 1-чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларына нак акчанын кайтарымдуулугунун өсүшү республиканын төмөнкү региондору боюнча жүргөн, алсак:

- Ысык-Көл областы боюнча 3,8 пайызга;
- Нарын областы боюнча 1,1 пайызга;
- Ош шаары боюнча 4,1 пайызга;
- Ош областы боюнча 1,1 пайызга;
- Талас областы боюнча 9,1 пайызга;
- Жалал-Абад областы боюнча 6,0 пайызга.

Бишкек шаары боюнча коммерциялык банктардын кассаларына нак акчанын кайтарымдуулугу 1,3 пайызга, Баткен областында 0,7 пайызга төмөндөгөн.

Ал эми Чүй областы боюнча нак акчанын кайтарымдуулугу 99,9 пайыз болуп, мурдагыдай эле деңгээлинде калган.

2015-жылдын 1-чейреги үчүн нак акча кайтарымдуулугунун эң жогорку көрсөткүчү Бишкек шаары боюнча 107,4 пайызды түзгөн болсо, ал эми анын эң төмөнкү көрсөткүчү Нарын областында 91,5 пайызда гана калыптанган (4-график).



4-график. Региондор боюнча коммерциялык банктардын кассаларына кайтарымдуулук (пайыздарда)

Коммерциялык банктардын кассаларына 2015-жылдын 1-чейрегинде келип түшкөн нак акчалардын суммасы 217 741,9 млн сомду түзгөн, анын 2014-жылдын ушул эле чейрегине салыштырмалуу 7,6 пайызга көбөйгөндүгү байкалган.

Төмөндө 2015-жылдын 1-чейрегинде коммерциялык банктардын кассаларына келип түшкөн нак акчалардын негизги булактары боюнча маалыматтар келтирилген:

- коммерциялык банктардын филиалдарынан, аманат кассаларынан жана алмаштыруу пункттарынан – 91 526,0 млн сомду түзгөн, көбөйүү 18,4 пайызда калыптанган (2014-жылдын 1-чейреги үчүн – 77 269,8 млн сом);
- товарларды сатуудан – 15 442,3 млн сомду түзгөн, көбөйүү 5,1 пайызда калыптанган (2014-жылдын 1-чейреги үчүн – 14 694,6 млн сом);
- банкоматтарды жана терминалдарды инкассирлөөдөн – 21 673,5 млн сомду түзгөн, көбөйүү 22,6 пайызда калыптанган (2014-жылдын 1-чейреги үчүн – 17 675,3 млн сом);

• локалдык акча которууну жүзөгө ашыруу үчүн – 15 039,3 млн сомду түзгөн, көбөйүү 1,6 пайызда калыптанган (2014-жылдын 1-чейреги үчүн – 14 797,8 млн сом);

• кызмат көрсөтүүлөрдөн жана аткарылган иштерден – 16 782,9 млн сомду түзгөн, көбөйүү 15,4 пайызда калыптанган (2014-жылдын 1-чейреги үчүн – 14 548,3 млн сом);

• чет өлкө валютасын сатуудан – 19 404,7 млн сомду түзгөн, азаюу 23,3 пайызда калыптанган (2014-жылдын 1-чейреги үчүн – 25 296,9 млн сом).

Келтирилген статистикалык маалыматтар боюнча коммерциялык банктардын кассаларына келип түшкөн сумманын өсүшүнүн динамикасы баарынан мурда, товар жүгүртүлүшүнүн өсүшүн, кызмат көрсөтүүлөргө карата тарифтердин жогорулашын, акча которуунун локалдык системасы боюнча түшүүлөрдүн көбөйүшүн чагылдырат.







Коммерциялык банктардын кассаларынан берилген нак акча 2015-жылдын 1-чейреги үчүн 210 907,4 млн сомду түзгөн, бул 2014-жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 6,7 пайызга көбөйгөн.

2015-жылдын 1-чейреги үчүн коммерциялык банктардын кассаларынан берилген нак акчанын негизги багыттары:

• коммерциялык банктардын филиалдарына, аманат кассаларына жана алмаштыруу пункттарына – 89 031,4 млн сом берилген, көбөйүү 17,7 пайызды түзгөн (2014-жылдын 1-чейреги үчүн– 75 633,0 млн сом);

• кызмат көрсөтүүлөр жана аткарылган иштер үчүн төлөөлөр 8 953,6 млн сом берилген, көбөйүү 18,7 пайызды түзгөн (2014-жылдын 1-чейреги үчүн – 7 541,0 млн сом);

• банкоматтарга акча жүктөө үчүн – 30 938,2 млн сом берилген, көбөйүү 29,2 пайызды түзгөн (2014-жылдын 1-чейреги үчүн – 23 951,7 млн сом);

• локалдык акча которууларды төлөөгө 14 667,3 млн сом берилген, көбөйүү 0,5 пайызды түзгөн (2014-жылдын 1-чейреги үчүн – 14 589,1 млн сом);

• товарлар үчүн төлөөгө 2 450,3 млн сом берилген, көбөйүү 1,3 пайызды түзгөн (2014-жылдын 1-чейреги үчүн – 2 419,5 млн сом);

• чет өлкө валютасын сатып алууга 25 034,2 млн сом берилген, 2014-жылдын 1-чейрегине салыштырганда азаюу 20,1 пайызды түзгөн (2014-жылдын 1-чейреги үчүн – 31 321,0 млн сом).

• эмгек акыларды төлөөгө 3 120,9 млн сом берилген, азаюу 20,3 пайызды түзгөн (2014-жылдын 1-чейреги үчүн эмгек акыларды төлөөгө 3 917,6 млн сом берилген).




7-график. 2014-жылдын 1-чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларынан берилген акчалардын негизги багыттары (млн.сом)




8-график. 2015-жылдын 1-чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларынан берилген акчалардын негизги багыттары (млн.сом)

## 3. Нак эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн түзүмү

- **Майда чекене жана үтүрүмдүк төлөмдөрдүн пакеттик клиринг системасы**

Улуттук банк, 25 коммерциялык банк жана алардын 324 филиалы Пакеттик клиринг системасынын (мындан ары - СПК) катышуучуларынан, ал эми "Банктар аралык процессинг борбору" ЖАК – адистештирилген катышуучусунан болгон.

2015-жылдын 1-чейрегинин иш жыйынтыгы боюнча клиринг төлөмдөрүнүн көлөмү 19 491,9 млн сом чегинде катталып:

- өткөн чейрекке салыштырганда 31,5 пайызга азайган;
- өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 7,4 пайызга азайган.
- 2015-жылдын 1-чейрегинде клиринг төлөмдөрүнүн саны 660 893 төлөмдү түзүп:
- өткөн чейрекке салыштырганда 25,6 пайызга азайган;
- өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 6,5 пайызга азайган.

9-график. Клиринг төлөмдөрүнүн көлөмүнүн жана санынын динамикасы (млн.сом)




Төлөмдөрдүн азаюусу бир гана сезондук фактор менен эмес, ал негизинен Социалдык фонд "РСК Банк" ААКсынын тейлөөсүнө өткөндүгүнө байланыштуу клиринг аркылуу жүргүзүлгөн банктар аралык төлөмдөр банктын ички төлөмдөрү катары жүргүзүлгөндүгү менен түшүндүрүлөт.

- **Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасы**

2015-жылдын 1-чейреги ичинде гросстук төлөмдөрдүн жалпы көлөмү **385 780,9 млн сомду** түзүү менен:

- өткөн чейрекке салыштырганда 2,2 пайызга азайган;
- өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 66,2 пайызга көбөйгөн.

Бардыгы болуп эсептешүүлөрдүн гросстук системасы аркылуу 2015-жылдын 1-чейреги ичинде **60 659 төлөм** өткөрүлгөн. Бул көрсөткүч:

- өткөн чейрекке салыштырганда 27,8 пайызга азайган;
- өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 44,0 пайызга көбөйгөн.

10-график. Гросстук төлөмдөрдүн көлөмүнүн жана санынын динамикасы (млн.сом)



- **<u>Банктык төлөм карттар рыногу</u>**

2015-жылдын 1-апрелине карата абал боюнча Кыргыз Республикасынын аймагында банктык төлөм карттарынын эмиссиясы жана эквайринги боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү иш алып барып жаткан 25 банктын ичинен 22 банк сунуштаган, анын ичинен 13 банк жана "Элкарт" улуттук системасы боюнча 18 банк эл аралык төлөм системасынын карттарынын эмитенттеринен жана эквайерлеринен болушкан.

*<u>Банктык төлөм карттар эмиссиясы.</u>*

2015-жылдын 1-апрелине карата абал боюнча жүгүртүүдөгү банктык төлөм карттарынын жалпы саны **976 208** түзгөн. Мында, карттардын саны өткөн чейректегиге салыштырганда 7,4 пайызга көбөйгөн, ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда карттардын саны 34,7 пайызга өскөн.

**11-график. Жүгүртүүдөгү карттардын жалпы саны**




**12-график. 2015-жылдын 1-апрелине карата абал боюнча областтардын жүгүртүүдөгү карттарынын жалпы саны (миң)**




Төлөм карттарынын түрлөрү төмөнкүдөй бөлүштүрүлгөн:

| | |
|---|---|
| **<u>• Эл аралык системалар</u>** | **<u>727 129 (74,5%):</u>** |
| - "Visa" | 328 951 (33,7%); |
| - "Master Card" | 1 601 (0,2%); |
| - "Золотая корона" (Россия) | 393 994 (40,4%); |
| - " Union Pay International" | 2 583 (0,3%); |
| **<u>• "Элкарт" улуттук системасы</u>** | **<u>249 079 (25,5%).</u>** |

*<u>Банктык төлөм карттар эквайринги.</u>*

2015-жылдын 1-чейрегинин акырына карата абал боюнча иштеп турган терминалдардын жана банкоматтардын жалпы саны системалардын түрлөрү боюнча бөлүштүргөндө төмөнкүдөй катталган:

- "Элкарт" улуттук системасы боюнча – 434 банкомат жана 1 492 терминал;
- Visa & MasterCard эл аралык системалары боюнча – 276 банкомат жана 1 970 терминал;
- "Золотая корона" эл аралык системасы боюнча - 318 банкомат, 1 459 терминал.

Жалпысынан алганда, банктык төлөм карттар, республиканын бардык аймагында орнотулган **1 028 банкоматта жана 4 921 терминалда** тейлөөгө алынган (жылдын баш жагына салыштырганда банкоматтардын өсүшү 3,0 пайызды же 30 банкоматты, ал эми терминалдардын - 5,2 пайызды же 246 терминалды түзгөн, өткөн жылдын ушул эле мезилине салыштырганда банкоматтардын өсүшү 20,1 пайызды же 172 банкоматты, ал эми терминалдардын - 31,4 пайызды же 1 176 терминалды түзгөн).

13-график. Системалар боюнча банкоматтардын саны




14-график. Системалар боюнча терминалдардын саны




*<u>Банктык төлөм карттарын пайдалануу менен операциялардын көлөмүнүн жана санынын динамикасы.</u>*

2015-жылдын 1-чейреги ичинде картты колдонуу менен ишке ашырылган операциялардын жалпы көлөмү **20 317,7 млн сомду** түзгөн. Өткөн чейрекке салыштырганда жүргүзүлгөн операциялардын көлөмү 30,3 пайызга азайган, ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 42,2 пайызга көбөйгөн.

Мурдагыдай эле, бардык операциялардын негизги үлүшү акча каражаттарын нак акчага айландырууга 19 591,5 млн сом туура келген, бул бардык операциялардын жалпы көлөмүнө карата 96,4 пайызын ээлеген. Өткөн чейрекке салыштырганда жүргүзүлгөн операциялардын көлөмү 30,6 пайызга азайган, ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 42,4 пайызга көбөйгөн. Соода-сервистик ишканалардагы терминалдар аркылуу ишке ашырылган операциялардын көлөмү 726,2 млн сомду түзгөн (бул жүзөгө ашырылган бардык операциялардан 3,6 пайыз). Өткөн чейрекке салыштырганда жүргүзүлгөн операциялардын көлөмү 21,7 пайызга азайган, ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 37,1 пайызга көбөйгөн.

2015-жылдын 1-чейрегинде картты пайдалануу менен **4,4 млн ашуун транзакция** ишке ашырылган. Өткөн чейрекке салыштырганда операциялардын саны 3,9 пайызга азаюу менен өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда операциялардын саны боюнча көрсөткүч 39,4 пайызга өскөн.

Мурдагыдай эле, бардык операциялардын негизги үлүшү акча каражаттарын нак акчага айландырууга – 3 930,2 миң транзакцияга туура келген, бул бардык операциялардын жалпы санына карата 89,5 пайызын ээлеген. Өткөн чейрекке салыштырганда жүргүзүлгөн операциялардын көлөмү 4,4 пайызга азайган, ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 37,7 пайызга көбөйгөн. Соода-сервистик ишканалардагы терминалдар аркылуу ишке ашырылган операциялардын саны 458,9 миң транзакцияны түзгөн (бул ишке ашырылган бардык операциялардан 10,5 пайыз). Өткөн чейрекке салыштырганда жүргүзүлгөн операциялардын көлөмү 1,4 пайызга көбөйгөн болсо, ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 56,0 пайызга көбөйгөн.

- **<u>Чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөр</u>**

Отчеттук чейрек ичинде катышуучулардын чек ара аркылуу төлөмдөрү SWIFT, "Telex", "Банк-Клиент", "Е-Клиент" ж.б. системаларды пайдалануу менен ишке ашырылган. Мында банктар көбүнчө чек ара аркылуу төлөмдөрдү жүргүзүү үчүн SWIFT системасын пайдаланышкан.

2015-жылдын 1-чейреги ичинде эл аралык төлөмдөр валюталардын 13 түрү боюнча ишке ашырылган. Ушул эле жылдын 1-чейрегинин жыйынтыгы боюнча кириш төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 227,4 млрд сомду (бул көрсөткүч 2014-жылдын 4-чейрегине салыштырганда 25,3 пайызга азайып, 2014-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 26,8 пайызга көбөйгөн), ал эми чыгыш төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 239,7 млрд сомду түзгөн (2014-жылдын 4-чейрегине салыштырганда 27,2 пайызга азайып, 2014-жылдын 1-чейрегине салыштырганда 23,4 пайызга көбөйүү жүргөн).

- **<u>Акча которуулар</u>**

2015-жылдын 1-чейрегинин жыйынтыгы боюнча акча которуулар которуулардын эл аралык жана локалдык системалары аркылуу жүзөгө ашырылган. Акча которуулардын эл аралык системалары боюнча кириш которуулардын жалпы саны 20,2 млрд сом жалпы суммасында 1 217 461 түзгөн (2014-жылдын 4-чейрегинин көрсөткүчтөрүнө салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 31,1 жана 25,6 пайызга азаюу жүргөн, ал эми өткөн жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 9,5 пайызга жана 15,6 пайызга азаюу туура келген). Чыгыш которуулардын саны 7,3 млрд сом жалпы суммасында 100 359 түзгөн (2014-жылдын 4-чейрегинин көрсөткүчтөрүнө салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша, 25,4 пайызга жана 9,9 пайызга азаюу болгон, ал эми 2014-жылдын 1-чейрегинин көрсөткүчүнө салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 7,5 пайызга азаюу жана 29,6 пайызга көбөйүү жүргөн).

Кыргыз Республикасынын аймагында кириш жана чыгыш которуулардын көлөмү боюнча эң чоң салыштырма салмак Бишкек шаарына туура келген, мында кириш которуулар жалпы көлөмдүн 42,3 пайызын, ал эми чыгыш которуулар жалпы көлөмдүн 59,6 пайызын ээлеген.

**15-график. 2015-жылдын 1-чейреги ичинде Республикадагы областтар боюнча кириш акча которуулардын үлүшү (%)**




**16-график. 2015-жылдын 1-чейреги ичинде Республикадагы областтар боюнча чыгыш акча которуулардын үлүшү (%)**




Отчеттук чейрек ичинде эл аралык акча которуулар валютанын 5 түрү боюнча жүзөгө ашырылган.

*1) АКШ долларында акча которуулар*

2015-жылдын 1-чейрегинде кириш которуулардын жалпы саны 91,7 млн АКШ доллар суммасында 138 354 түзгөн (2014-жылдын 4-чейрегине салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша, 49,8 жана 31,0 пайызга азаюу жүргөн; ал эми 2014-жылдын ушул эле тиешелүү мезгилине салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 26,0 пайызга жана 0,1 пайызга азаюу байкалган). Чыгыш которуулардын саны 57,0 млн АКШ доллар суммасында 36 022 түзгөн (2014-жылдын 4-чейрегине салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша азаюу 45,8 пайызды жана 27,0 пайызды түзгөн; ал эми 2014-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 33,7 пайызга азаюу жана 0,4 пайызга көбөйүү белгиленген).

**17-график. Валюталар боюнча кириш акча которуулар (млн.сом)**




**18-график. Валюталар боюнча чыгыш акча которуулар (млн.сом)**




*2) Евро валютасында акча которуулар*

Отчеттук чейректин жыйынтыгы боюнча 1,9 млн евро жалпы суммасында 4 858 кириш которуулар жүргүзүлгөн (2014-жылдын 4-чейрегине салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 14,4 пайызга жана 8,6 пайызга азаюу белгиленген; ал эми 2014-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 19,9 пайызга жана 22,5 пайызга көбөйүү жүргөн). Чыгыш которуулардын саны 1,3 млн евро жалпы суммасында 822 түзгөн (2014-жылдын 4-чейрегине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 69,6 пайызга жана 46,2 пайызга азаюу белгиленген; ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 14,3 пайызга жана 12,9 пайызга көбөйүү байкалган).

*3) Орус рублинде акча которуулар*

2015-жылдын 1-чейрегинин жыйынтыгы боюнча 12,7 млрд рубль суммасында 1 058 277 кириш которуулар жүргүзүлгөн (2014-жылдын 4-чейрегине салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 21,2 жана 25,4 пайызга азаюу белгиленген; ал эми 2014-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 11,2 пайызга

көбөйүү жана 18,3 пайызга азаюу байкалган). Мындан тышкары 3,2 млрд рубль суммасында 63 136 чыгыш которуулар ишке ашырылган (2014-жылдын 4-чейрегине салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 12,1 жана 4,9 пайызга көбөйүү белгиленген; ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 40,3 жана 56,1 пайызга көбөйүү жүргөн).

*4) Казак теңгесинде акча которуулар*

Отчеттук мезгил ичинде 121,0 млн теңге суммасында 3 187 кириш которуулар ишке ашырылган (2014-жылдын 4-чейрегине салыштырганда көрсөткүчтөр тиешелүүлүгүнө жараша 36,8 жана 23,6 пайызга азайган; ал эми өткөн жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда, көрсөткүчтөр тиешелүүлүгүнө жараша 32,0 жана 32,7 пайызга азайган). Чыгыш которуулар 30,2 млн теңге суммасында 364 төлөм жүргүзүлгөн (2014-жылдын 4-чейрегине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша 0,2 жана 1,7 пайызга көбөйүү белгиленген; ал эми 2014-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша 11,1 жана 4,7 пайызга азаюу байкалган).

*5) Кыргыз сомунда которуулар*

2015-жылдын 1-чейреги ичинде 96,7 млн сом суммасында 12 785 кириш которуулар ишке ашырылган (2014-жылдын 4-чейрегине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 11,7 жана 51,1 пайызга көбөйүү жүргөн; ал эми 2014-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 84,9 эсе же 95,6 млн сомго жана 193,7 эсе же 12 719 которууга көбөйүү байкалган). Чыгыш которуулардын саны 0,3 млн сом суммасында 15 түзгөн (2014-жылдын 4-чейрегине салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 2,1 эсе же 150,1 миң сомго жана 5,0 эсе же 12 которууга көбөйүү байкалган; ал эми 2014-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 2,9 же 189,5 миң сомго жана 2,5 эсе же болбосо 9 которууга көбөйүү жүргөн).